| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОН РАЙОНУ<br>АК-ТЕРЕК<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>АК-ТЕРЕК** |

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ

2026-жылдын 9-июлу, №226 Кара-Коо айылы

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин расмий веб-сайтын ачуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин ачыктыгын жана айкындуулугун камсыз кылуу, калкты өз убагында маалымдоо, жергиликтүү кеңештин расмий маалыматтарды жарыялап туруу максатында, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын жана жалпы депутаттардын сунушу угулуп, талкууланып Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин сессиясы **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин ишинин ачыктыгын жана айкындуулугун камсыз кылуу, калкты өз убагында маалымдоо, жергиликтүү кеңештин расмий маалыматтарды жарыялап туруу максатында, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин расмий веб-сайты ачылсын.
2. Расмий веб-сайтта төмөнкү маалыматтар үзгүлтүксүз жайгаштырылсын:
   - жергиликтүү кеңештин чечимдери, сессиялардын күн тартиби;
   - жарандар үчүн маанилүү кулактандыруулар жана башка расмий маалыматтар.
3. Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин төрагасы жана жергиликтүү кеңештин депутаттары өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде веб-сайтка жайгаштыруу үчүн сунушталуучу маалыматтардын өз убагында, расмий, анык жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген болушун камсыз кылышсын.
4. Веб-сайтка жарыялоо үчүн токтомдорду, сунуштарды, кулактандырууларды жана башка расмий маалыматтарды белгиленген тартипте жооптуу кызматкерге өз убагында берүү жагы жергиликтүү кеңештин депутаттарына милдеттендирилсин.
5. Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин токтомдору каттоого алынсын жана токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
6. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
7. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Төрага** **А.А. Мамбетов**